**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ**
**ЫЛАЙ-ТАЛАА**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ЫЛАЙ-ТАЛИНСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

# ЫЛАЙ-ТАЛАА АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН ТОКТОМУ

2026-жылдын 27-августу, № 14/4 Ылай-Талаа айылы

**Ылай-Талаа айыл аймагынын Тар дарыясынын боюнан кичи ГЭС куруу үчүн 18,69 га жер аянтын “Айыл чарба багытындагы жерлер” категориясынан “Өнөр жайдын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргоонун жерлери жана башка багыттагы жерлер” категориясына которууга (трансформациялоо) макулдук берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Жер Кодексинин 21-беренесине жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетини 2024-жылдын 4-ноябрындагы № 665 “Жер участокторун которуу (трансформациялоо) тартиби жөнүндөгү” токтому менен бекитилген жобонун талаптарына ылайык Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1.Кыргыз Республикасынын Жер Кодексинин 21-беренесине жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 4-ноябрындагы № 665 “Жер участокторун которуу (трансформациялоо) тартиби жөнүндөгү” токтому менен бекитилген жобонун талаптарына ылайык Ылай-Талаа айыл өкмөтүнүн аймагында ишке ашырылсын.

2. Ылай-Талаа айыл аймагынын Тар дарыясынын боюнан кичи ГЭС куруу үчүн 18,69 га жер аянтын “Айыл чарба багытындагы жерлер” категориясынан “Өнөр жайдын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргоонун жерлери жана башка багыттагы жерлер” категориясына которууга (трансформациялоо) макулдук берет.

3.Тиешелүү иш-кагаздарын даярдап берүү жагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Ш.Рахманберди уулуна тапшырылсын.

4.Бул токтом расмий каттоодон өткөрүлсүн жана расмий жарыялоо булактарында жарыялансын.

5.Бул токтомдун көчүрмөсү Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүлсүн.

6.Бул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

7.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кеңешинин агрардык, азык-түлүк, айыл жана суу чарбасы, жерге жайгаштыруу, жер жана жер ресурстары, экология жана жаратылышты коргоо боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Мойдунов**